# АРГАСЫЗ ТАМЕКИ ТАРТУУ

Тамеки тартпаган адамдардын, өзгөчө балдардын, жубайлардын, ата-энелердин, бардык жакындардын жана достордун ден соолугуна олуттуу коркунучту ***«Пассивдүү же аргасыз тамеки тартуу»*,** келтирет, б. а. тамеки түтүнүн мурда тарткан же тартып жаткан чөйрөдө дем алуу.

Тамеки тартууда бөлүнүп чыккан радиоактивдүү заттар айлана-чөйрөгө, адамдын чачына, кийимине, бөлмөнүн дубалдарына, унаанын ичине, эмерektерге, пардаларга сиңет. **Сиңген радиоактивдүү тамеки түтүнүнүн заттарынан арылуу өтө кыйын,** кээде такыр мүмкүн эмес. **Сиңген радиоактивдүү** курамдыктар кайрадан абага бөлүнүп чыгат, мисалы дубалдардан, обойлордон, ошондуктан кийин ативдүү тамеки тартуучу жок болсо да, ден соолукка коркунуч келтирип турат.

**Пассивдүү тамеки тартуу балдардын, күмөндүн ден соолугу үчүн алар өздөрү тарткандай эле кооптуу болот**



**5-сүрөт. Түйүлдүктүн тамеки тартышы**

Кош бойлуу аял тамеки тартканда никотин плацента аркылуу күмөнгө эркин жетет. **Өзгөчө келечектеги ымыркайдын ден соолугу үчүн истүү газ жана никотин зыяндуу.** Алар биринчи кезекте күмөндүн нерв системасын жабыркатат.

Тамеки түтүнүнүн курамдыктары **мутация жолу менен** тукумдун ден соолугуна жооптуу болгон түзүмдөрдүн бузулушуна алып келет, бул болочоктогу баланын өсүшүнүн чоң дефекттери, мисалы, жүрөктүн тубаса кемтиктеринин келип чыгышына түрткү болот.

Кош бойлуу аялдын тамеки тартышы өлүк төрөлүү, мөөнөтүнөн эрте төрөө тобокелин жогорулатат, эгерде бала мөөнөтүндө төрөлсө да, салмагы аз болот жана көп учурда акылы, дене өсүшү, ошондой эле эмоциялык өнүгүшүндө артта калат.

Тамекинин уулуу азыктары баланын организмине эненин сүтү менен келет, бул нерв системасынын жана скелеттин жашоого шайкеш келбеген жабыркоолоруна алып келиши мүмкүн.

**Сиздин тамеки тартканыңыз – Сиздин эле эмес, жакындарыңыздын жана туугандарыңыздын көптөгөн оор дарттарынын себеби!**
**Тамеки тарткан адам тамеки түтүнүнүн 20% гана жутат, калганы анын тегерегиндегилерге туш келет!**
**Ар бир тамеки сатып алганда, Сиз кооптуу оорулардын букетин сатып аласыз!**
**Тамеки тартууну ташта, сулуулугуңду жана жаштыгыңды сакта!**
***Кошумча маалыматты төмөнкү сайттан билиңиз: www.help.kg***
***Акысыз жардам берүү линиясы: 2103 «Мегаком» жана «О»***